**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ**
**ТОҢ РАЙОНУ**
**АК-ТЕРЕК АЙЫЛ**
**АЙМАГЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ**
**КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ТОНСКИЙ РАЙОН**
**МЕСТНЫЙ КЕНЕШ**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**
**АК-ТЕРЕК**

---

**Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин**
**VIII чакырылышынын XII кезектеги сессиясы**

# ТОКТОМ

2026-жылдын 25-февралы №171 Кара-Коо айылы

**Кыргыз Республикасынын Президенти С.Жапаровдун Жарлыгынын негизинде (26.06.2021-ж УП №318 ДСП) 30-июль 2021-жылдан "Балыкчы-Бөкөнбаев-Барскоон" авто жолун куруу үчүн кум-шагыл алууга, башкы подрядчы "Чайна Роуд энд Бридж корп" компаниясы жер тилкелерин убактылуу пайдаланууга берүү үчүн 56+300 чакырымдагы "Кызыл-Туу айылынын күн батыш жол жээк" участогундагы жалпы аянты 5,85га жана 52+500 чакырымындагы "Кырк-Шейит" участогундагы жалпы аянты 5,87 га жер аянтын мыйзамдаштырып берүүгө макулдук берүү жөнүндө**

Ак-Терек айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысынын убактылуу милдетин аткаруучу Тиленбаева Уулкелди Кытайбаевнанын кайрылуусунун негизинде, Кыргыз Республикасынын Президенти С.Жапаровдун Жарлыгынын негизинде (26.06.2021-ж УП №318 ДСП) 30-июль 2021-жылдан "Балыкчы-Бөкөнбаев-Барскоон" авто жолун куруу үчүн кум-шагыл алууга, башкы подрядчы "Чайна Роуд энд Бридж корп" компаниясы жер тилкелерин убактылуу пайдаланууга берүү үчүн 56+300 чакырымдагы "Кызыл-Туу айылынын күн батыш жол жээк" участогундагы жалпы аянты 5,85га жана 52+500 чакырымындагы "Кырк-Шейит" участогундагы жалпы аянты 5,87 га жер аянтына макулдук берүү боюнча Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин муниципалдык менчик, жер, архитектура, курулуш, айыл чарба боюнча туруктуу комиссиянын корутундусу угулуп, талкууланып Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңеши **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Президенти С.Жапаровдун Жарлыгынын негизинде (26.06.2021-ж УП №318 ДСП) 30-июль 2021-жылдан "Балыкчы-Бөкөнбаев-Барскоон" авто жолун куруу үчүн кум-шагыл алууга, башкы подрядчы "Чайна Роуд энд Бридж корп" компаниясы жер тилкелерин убактылуу пайдаланууга берүү үчүн 56+300 чакырымдагы "Кызыл-Туу айылынын күн батыш жол жээк" участогундагы жалпы аянты 5,85га жана 52+500 чакырымындагы "Кырк-Шейит" участогундагы жалпы аянты 5,87 га жер аянтын келишимдин негизинде мыйзамдаштырып берүүгө макулдук берилсин.

2. Бул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы Ак-Терек айыл айымагынын айыл өкмөтүнүн башчысынын убактылуу милдетин аткаруучу Тиленбаева Уулкелди Кытайбаевнага милдеттендирилсин.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин муниципалдык менчик, жер, архитектура, курулуш, айыл чарба боюнча туруктуу комиссиянын төрагасы А.Д. Дастановго тапшырылсын.

**Төрага** **А.А. Мамбетов**